DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Мырзабекова С.С., Бейшеналиева Д.М.*

# АХАТИН ФУЛИКА ҮЛҮЛҮНҮН *(ACHATINA FULICA*) КОСМЕТОЛОГИЯДА КОЛДОНУЛУШУ

*Мырзабекова С.С., Бейшеналиева Д.М.*

# ПРИМЕНЕНИЕ УЛИТКИ АХАТИН ФУЛИКА *(ACHATINA FULICA*) В КОСМЕТОЛОГИИ

*S.S. Myrzabekova, D.M. Beishenalieva*

# THE USE OF THE SNAIL ACHATINA FULICA (*ACHATINA FULICA*) IN COSMETOLOGY

*УДК: 591.2*

*Бул макалада Ахатина үлүлү (лат. Achatina fulica) жөнүндө каралган. Ал өзгөчө кант камышынын, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери, тропикалык климат өлкөлөрүндө кеңири таралган. Ахатин үлүлүнүн мекени Чыгыш Африка, анда салыштырмалуу жогорку температура жогорку нымдуулук менен айкалышкан. Азыркы учурда үлүлдөр дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө да кездешет. Африканын тургундары Ахатина үлүлүн тамак үчүн, ошондой эле былжырын жараларды айыктыруучу каражат катары колдонушат. Экинчи Дүйнөлүк Согуш мезгилинде, Америка жана Япониянын аскерлери Африка үлүлдөрүнө кызыгуу көрсөтүшкөн. Аларды тамак-ашта оңой жете турган белок катары колдонушкан. Үлүлдөрдүн диеталык жана дарылык касиеттери Гиппократ мезгилинде жогору бааланган. Ал моллюсканын этин анемия, рахит, кургак учук жана башка көптөгөн ооруларды дарылоо үчүн колдонгон. Ошондой эле Ахатин үлүлүнүн былжыры тырыктарды жана бырыштарды калыбына келтирүүгө жардам берет, теринин курактык өзгөрүүлөрүнө каршы натыйжалуу күрөшүп, пигменттик тактарды жана сепкилдерди агартат.*

***Негизги сөздөр:*** *Ахатин фулика үлүлү, коллаген, эластин, аллантоин, регенерация, пигменттик тактар, сепкилдер.*

*В этой статье рассмотрена улитка Ахатина (лат. Achatina fulica). Широко распространен в старанах с тропическим климатом, является вредителем сельскохозяйственным растений, особенно сахарного тростника. Родина Ахатины гигантской является Восточная Африка, где относительно высокие температуры сочетаются с высокой влажностью. В настоящее время улитка встречается и в других странах мира. Улитку ахатин жители Африки употребляют ее в пищу, а также используют слизь в качестве ранозаживляющего средства. В годы Второй Мировой войны к африканским улиткам проявили интерес американские и японские военные. Используя их в пищу в качестве легкодоступного белка. Диетические и лечебные свойства улиток высоко ценились во времена Гиппократа. Мясом моллюска он лечил анемию, рахит, туберкулез и многие другие болезни. А также слизь улитки ахатин способствует рассасыванию рубца шрамов и морщин, эффективно борется в возрастными изменениями кожи осветляет пигментные пятна и веснушки.*

***Ключевые слова:*** *улитка ахатина фулика, коллаген, эластин, аллантоин, регенерация, пигментные пятна, веснушки.*

*This article discusses the Achatina snail (lat.Achatina fulica). It is widely distributed in stranas with a tropical climate, and is a pest of agricultural plants, especially sugar cane. The homeland of Achatina giant is East Africa, where relatively high temperatures are combined with high humidity. Currently, the snail is found in other countries of the world. The inhabitants of Africa use the Achatina snail for food, and also use mucus as a wound healing agent. During the Second World War, the American and Japanese military showed interest in African snails. Using them in food as readily available protein. The dietary and medicinal properties of snails were highly prized during the time of Hippocrates. He used shellfish meat to treat anemia, rickets, tuberculosis and many other diseases. And also the mucus of the snail Achatina promotes the resorption of the scar of scars and wrinkles, effectively fights against age-related changes in the skin, brightens age spots and freckles.*

***Key words:*** *Achatina Fulica snail, collagen, elastin, allantoin, regeneration of age spots, freckles.*

**Киришүү.** Ахатина үлүлү баардык жашоо шарттарга тез ыңгайланышып, көбөйүп өрчүп туруучу организм. Жыныс жолу менен көбөйөт, айрым жыныстуу, гермофродиттери да бар. Майда омурткасыздар менен азыктанат.

Жумшак денелүүлөр - омурткасыз **жаныбарлар** тиби. Денеси сегменттелбеген, ал тулку боюнан, башы жана бутунан турат. Жону раковина менен капталган, раковинасы коникалык, кээде сааттын жебесиндей буралгандары кездешет, өңү ар түрдүү болот. Башында оозу, тинтүүрү, көзү жайгашкан. Буту курсак жагында, жылып жүрүү кызматын аткарат, кээде сүзүү органына айланган же редукцияланган. Тулкусу мантия менен капталган. Мантия менен тулкусунун

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ортосунда мантия көңдөйүндө дем алуу жана кээ бир сезүү органдары жайгашкан. Ага жыныс жана бөлүп чыгаруу органдары ачылат. Ичегиси үч бөлүктөн турат. Алдыңкы бөлүгүндө радула жана шилекей бездери, ортоңку бөлүгүндө карын жана боор жайгашкан. Кан айлануусу ачык, жүрөгү үч бөлүктөн турат. Өпкөсү жана бакалоору менен дем алат. Нерв системасы, сезүү органдары бар. Бөлүп чыгаруу органдары - жуп бөйрөк. Ахатина үлүлү жылып жүрөт, бир нерсеге бекип отурат же суу түбүндөгү ылайга көмүнүп жатат. Жашоо мөөнөтү 3 жылдан 8 жылга чейин созулат [1,5].



**Көбөйүшү.** Ар бир үлүл 50-500гө чейин жумуртка тууйт жана жумурткасы 1-2 жуманын ичинде өрчүп калыптанат. Өтө бат көбөйөт жана өлчөмү 10-20 см чейин болот. Жаңы жаралган үлүлдүн узундугу 3-5 ммге чейин жетет. Бат өсүп чоңоюшат.

**Азыктанышы**. Күн сайын 3 жолудан азыктандыруу керек. Жөнөкөй тамак-аштар менен азыктанышат. Мисалы: капуста, шпинат, бадыраң, ашкабак, патисон, жашылча жер-жемиштер, сабиз, шалгам, чөптөр, алма ж.б. Желбей калган тамак-аштардын калдыктарын күн сайын тазалап жана жууп туруу абзел. Үй шартында 25-27 градуста багуу керек.

**Ахатин фулика үлүлүнүн косметологиядагы орду.** Адамзатынын бети өтө назик жана сезимталдуу болгондуктан, айлана-чөйрөдөгү ар кандай таасирлерге туруштук бере албай жана кам көрүлбөй калган учурда бат эле бузулуп кетет. Мисалы, күндүн ысыгына, муздак абага, шамалга, деги эле жалпы мезгил ыргактарындагы аба ырайынын чайкалышына. Ошентип, анда пигменттик тактар, сепкилдер жана башка жагымсыз көрүнүштөр байкала баштайт. Өзгөчө жаздын келиши менен аба ырайынын дароо өзгөрүп беттеринде тактар пайда боло баштайт. Косметикалык каражаттар да, таасири күчтүү маскалар да кетире албайт. Андыктан, биз ден-соолугубузга кам көрүү, сулуулук жана аны сактоо үчүн Ахатина үлүлү табигый натыйжалуу каражат болуп эсептелинет. Денесинде эң негизги өзгөчөлүгү былжырга бай, курамы косметика үчүн эң ылайыктуу келет. Жаратты тез айыктырып, өзгөрүүлөргө өбөлгө түзөт. Ошондуктан тери жараларына, теринин сезгенүүсүнө каршы дарылоо үчүн колдонулат. Адистердин айтымында үлүлдүн кандай колдонулушун жана жол-жобосун күн сайын же ар башка күнү 2-3 жылдан кем эмес эң жакшы жыйынтыктарды алыш үчүн бир жума же болбосо 15 күн колдонууга тийиш [2,5].

**Даярдоо ыкмасы**. Үлүлдү агын жылымык сууга чайкап, андан соң бетти косметикалык каражаттар менен тазалап, маска коюп сыйрып алгандан кийин өзгөчө жана пайдалуу массаж кылуу менен бир нече үлүлдү беттин үстүнө кое беребиз. Үлүл былжырын бөлүп чыгарган соң, ал өзү толугу менен кургаганча күтүп, бетти жылуу суу менен сүртүп крем сүйкөп коёбуз. Мына ушундай сеанстан кийин беттин тартылышы, ийкемдүлүгү байкалат. Мындай процедураны бир нечен күн колдонуу, жакшы жыйынтыкка алып келет.

**Ахатин фулика үлүлүнүн былжырынын курамы.** Коллаген, эластин, алантион, антибиотиктер, табигый витаминдер, витаминдер ж.б

**Аллантоин** - мындай заттар клеткаларды регенирациялоодо активдүү катышат. Аллантоин эң майда болгон клеткаларды ачып, аларды тереңден тазалайт. Ошондой эле бир топ олутту бузулган жерлерди калыбына келтирет.

**Коллаген** жана эластин теридеги белоктордун ролун аткарышат. Алар беттеги эпидермисти жумшартып тазалайт.

**Витаминдер –** жеткиликтүү деңгээлде баардык витаминдерди теринин ткандарын бириктирип клеткаларында кармалып жүрөт. А, В, С, Е витаминдери терини азыктандырып, тазалап турат. Толук баалуу жана баланстатылган витаминдер: ретинол ацетат жана ретинол пальмитат (витамин А), эргокальциферол (витамин D2), холекальциферол (витамин D3), токоферол (витамин Е), менадион (витамин К3), тиамин (витамин В1), рибофлавин (витамин В2), пантотен кислотасын (витамин В3), холин (витамин В4), никотин кислотасын (витамин РР), пиридоксин (витамин В6), фоль кислотасы (витамин Вс же В9), цианокобаламин (витамин В12), аскорбин кислотасы (витамин С) ибиотип (витамин Н).

**Антибиотиктер –** ар кандай бактериялардан, түрдүү майда паразиттерден терини сактап турат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Ахатина үлүлү косметология жаатында чоң талапка ээ, анын былжырында эч кандай зыяны жок тескерисинче терини азыктандырып, теринин жаш бойдон калышын камсыз кылып туруучу касиетке ээ. Ошондой эле сулуулук салондордо, үй шартында пайдаланылат. Байма-бай терини азыктандырып жана пайда болгон тактарды, ар кандай жараттарды, безеткилерди, көздүн астында пайда болгон шишиктерди жана теридеги бырыштарды кетирет. А түгүл сиз ачууланып жаткан учурда да үлүлдү колуңузга койсоңуз, денеңизди муздатып сергитет.

**Практикалык мааниси:** Ахатина үлүлү баардык жашоо шарттарга тез ыңгайланышып, көбөйүп өрчүп туруучу организм. Адам баласынын жашы улгайган сайын же ар кандай оруулардан жапа чеккендиктен пайда болгон теридеги тактардын, сезгенүүлөрдүн, бырыштардын, сепкилдердин пайда болушу, ошондой эле өсүп келе жаткан жаш муундардын беттериндеги безетки тактардын көбөйүшүнөн жапа чегишүүдө. Биз буларды азыркы күндө технологиянын өнүккөнүнө байланыштуу косметологдорго барып ар кандай аппаратуралардын жардамы менен пилинг жасатып тазалатуудабыз. Бул аппараттар биздин терибизге кандай терс таасирин тийгизип жатканын көңүл бурбасак керек, бул аппаратуралар же болбосо күчтүү дары-дармек маскалар жөн гана убактысынча гана бетиңизди тазалап турат.

Адистердин айтымында, бул үлүлдү бир гана жолу колдонуп койбостон аны жумасына 2-3 жолу колдонууда, жакшы жыйынтыктарга ээ болоруун белгилеп кетет. Ушул эле үлүлдүн былжырын атайын чогултуп алышып, косметологиялык кремдерди, маскаларды жасашып, эң кымбат өлчөмдө сатышууда. Косметолог, Байысбекова Перизат менен практика жүзүндө иш алып барып, жакшы жыйынтыктарды көрө алдык.

Биринчиден, башында бетти пахта (ватный диск) менен тазалап, андан соң 5 мүнөткө маска коюп, аны сыйрып алып, Ахатин үлүлүн жылуу суу менен бир сыйра чайкап жууп, бетке кою керек, көп убакыт өтпөй акырындык менен алар жайдан жылып бетке былжырларын бөлүп чыгарып баштайт. 15 мүнөт өткөн соң үлүлдөрдү алып, беттеги былжыр кургаганда бетти жылуу суу менен жууп, крем сүйкөлөт. Биринчи койгондо эле бет жумшарып, жылмакай болуп сергип калгандыгы байкалат.

Ал эми бир жума же болбосо 15 күн колдонууда беттеги тактар жана бырыштардын азайгандыгын байкасак болот [1,4].

**Талкулоо.** Бир түрдө эле бет кремин колдонбостон, ар башка бет кремдерди алмаштырып туруу керек. Болбосо беттин териси бир кремди кайра-кайра кабыл алуудан баш тартат. Биздин терибиздин негизги душманы-самын, күндүн нуру жана ызгаар суук. Булардан туура коргонсоңуз тери кеч картаят.

Жаз, жай, күз мезгилдеринде сууну көп ичип, жашылча, мөмө жемиштерди көп жеш керек. Терибиздеги көп көйгөйлөр суунун жетишсиздигинен болот. Адам күнүнө 1,5-2 литр суу ичип, жашылча-жемиштерди көп жеп туруусу зарыл. Теринин дени сак болушуна бул азыктардын орду чоң роль ойнойт.

**Жыйынтыктоо.** Жашообузда абдан маанилүү орунду ээлеген бул ден-соолукка кам көрүү абзел. Аялзатынын бети өтө назик жана сезимталдуу болгондуктан, айлана-чөйрөнүн таасиринин астында (күндүн ысыгына, муздак абага, шамалга, деги эле жалпы мезгил ыргактарындагы аба ырайынын чайкалышына) туруштук бере албай кам көрүлбөсө бет бузулат. Ошол себептен, ар түрдүү аллергиялык оорулардын көбөйүшү актуалдуу маселерлердин бири болуп саналат.

Өзгөчө жазында аба ырайынын өзгөрүшү менен бет бузула баштаганда пигменттик тактар, сепкилдер жана башка жагымсыз көрүнүштөр байкала баштайт. Бардыгыбыз бетибиздин тунук жана жагымдуу, назик, чоюлчаак болушун каалайбыз. Ал эми бетибизде пайда болгон тактар, сепкилдер, безеткилер жүзүбүздү бузат.

Ошондуктан биринчи кезекте ички орган таза болуш керек. Көпчүлүк учурда беттин жалпы бузулуусу ички организмдин бузулушунан же кандайдыр бир органдын жабыркап ооруп жатышынан белги берет. Эгер чындап эле ички органыңыз ооруп жатса, сиздин бетиңиздеги тактарды эч кандай косметикалык каражаттар да, таасири күчтүү маскалар да кетире албайт. Качан гана ооруп жаткан жериңиз айыгып, ички организмиңиз тазаланып өз калыбы менен иштеп баштаганда гана тактар өзү кетип, бетиңиз тазаланып, жүзүңүз жагымдуу болуп калат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557









Былжырды бөлүп чыгарган соң ал өзү кургаганча күтүп бетти жылуу суу менен сүртүп кремди сүйкөп коёбуз.



DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



**Адабияттар:**

1. Ахатина гигантская. Материал из Википедии – свободной энциклопедии. - URL: 'http://ru.wikipedia. org/wiki/Ахатина_гигантская'.
2. АХАТИН.РФ - клуб любителей Африканских гигантских улиток. - URL: 'http://ahatin.ru/'.
3. Achatina (Lissachatina) fulica (Bowdich, 1822). - Восточно-африканская улитка // Клуб любителей улиток. - htt://snailclub.ru/forum/7-810-1 26.11.2013г
4. Африканская улитка ахатина: содержание в неволе (Achatinafulica) // Зооклуб. –- http://www.zooclub.ru/bezp/5/1.shtml 21.12.2013
5. Краснов И. «Гигантские улитки Ахатины. Опыт успешного содержания и разведения в домашних условиях».
6. «Ден соолук». / Медициналык энциклопедия. - Ф., 1991.